***Миталипов А.К.***
***аспирант ОшГ.***

# ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДА УКУК БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОЛДОРУ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПУТИ ПРЕДУПРЕЖДЕНИЯ ПРАВОНАРУШЕНИЙ СРЕДИ ПОДРОСТКОВ

***Mitalipov A.K.***

# PEDAGOGICAL WAYS OF PREVENTION OF OFFENSES AMONG TEENAGERS

***Аннотация:*** *Макалада актуалдуу болгон өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын алдын алуунун уюштуруу иштеринде алардын инсанын калыптануусуна туура багыт берип, жүрүм-турумун өзгөрүүсүнө,педагогикалык каражаттар жардамында таасир берүү менен туура жолго салуу максатында тарбиялоодо ушул күнгө чейинки колдонулган ыкмаларга жана усулдарга кеңири токтолдук. Ал эми өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу иштеринде эң негизги көйгөйлүү маселе аны туура уюштурулу-усу жана башкаруу жолдору экендиги баса белгиленип көрсөтүлдү.*

***Аннотация:*** *В статье мы подробно остановились на актуальных организационных мерах профилактики правонарушений среди несовершеннолетних, определения правильного направления формирования подростка как личности, изменения его поведения. А также указали методы и способы воспитательных мер на подростков. Особое внимание указано на то, что правонарушений среди подростков являются организационные и управленческие методы.*

***Annotation:*** *In the article we focused on the actual organizational measures for the prevention of juvenile delinquency, determine the correct direction of formation of the adolescent as a person changes his behavior. As also indicated, the methods and means of educational measures for adolescents. Special attention is pointed out that delinquency among adolescents are organizational and managerial methods.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *өспүрүм, социалдык норма, инсандык сапат, көнүгүү, тарбиясы оор, референтүү топ, изоляция, укук бузуу, чөйрө.*

***Ключевые слова:****несовершеннолетний,социальная норма, челоческое качество, упражнение, трудновоспитуемый, реферетная группа, изоляция, правонарушение, среда.*

***Keywords:*** *pedagogy: minor, social norm, human quality, exercise, behavioural problems,for reference group. insulation, the offence, wednesday.*

Коомдун тынчтыгы, илгерилеп алга жылуусу–бул мамлекеттик социалдык саламаттыктын эффективдүү көрсөткүчү катары саналып, социалдык тынчтыктын бекем тенденциясынын төмөндөөсү катары эсептелген: кылмыштуулук, баңгилик, өзүн өзү асып өлтүрүү, агресивдүү, социалдык жетимчилик, сойкулук, психикалык оору менен мүнөздөлөт. Анткени божомолдоону социалдык жактан чындоону ишке ашырууда каттуу күчөтүлгөн жазалоо чараларынын эсебинен эмес, тескеринсинче, коомдун бардык керектүү мүчөлөрүнүн кесиптик жардамдары аркылуу иш жүзүнө ашырууга багытталышы актуалдуулукка айланып, бул көйгөйдү чечүүдө, ар бир инсандын өздүк потенциялын, ички мүмкүнчүлүктөрүн аракетке келтирүү жолу менен ишке ашыруу зарыл.

Өспүрүмдөрдүн арасында укук бузууларды алдын алууда–жекече ишке ашырылган коомдук жат көрүнүштөрдү, кылмыштарды жана терс социалдык көрүнүштөрдү болтурбай максаттуу түрдө алдын алууда таасир берүүчү система аркылуу ишке ашырууга боло тургандыгын мүнөздөсөк болот. Ушул позициядан алып карганда өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын алдын алууну уюштуруу негизги 2 ыкмага негизделет:

Биринчи–укук бузуулардын алууну «изоляция» жасоо иш-чарасы аркылуу (тарбиясы оор өспүрүмдөрдү бөлүп алып өзүчө атайын жабык түрдөгү тарбиялоочу мектептерде тарбиялоо); [4, 42-43 б].

Экинчи тескерисинче «педагогикалык жактан камсыз болбогон» өспүрүмдөргө изоляциялоо ыкмасын колдонбостон чөйрөнү педагогикалык процесске ылайыкташтыруунун зарылчылыгы, башкача айтканда тарбия берүүнүн күчөтүү аркылуу.Бул оюбуз 1991-жылдын 18-декабрында улуттар аралык коомдук бирикмесинин (ООН) генералдык ассамблеясы тарабынан өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу областында жана кылмыш жаза сот адилети-гинде мамлекет моюнга алуучу кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча материалдык техникалык, финансылык, ресурстарды көбөйтүүдө улуттардын коомдук бирикмесинин таасир берүүчү программасы жана принциптери жөнүндө декларация кабыл алынып, өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу областында

тийиштүү нормативдик мыйзамдуу актысы аркылуу да бекемдесек болот. Бирок, өкүнүчтүү жагдай ушул күнгө чейин биздин мамлекеттик деңгээлде кылмыштуулук стратегиясын аныктап, негиздөөчү бир да документ жоктугу. Ошондуктан, бул күндө жаңы кылмыш жаза жана кылмыш жаза аткаруу кодексинде долбоор даярдоо келечекте фундаменталдык жана колдонмо тизмектеги көйгөйлөр болгон өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулардын алдын алуу үчүн укуктук мыйзамдын негизинде иш жүзүнө ашыруу менен байланышкан иш-мердүүлүктү иштеп чыгуу мезгил талабы. Көп жылдык педагогикалык практикабыз көрсөткөндөй өспүрүмдөрдүн девинаттык жүрүм турумдарынын алдын алууда уюштуруучулук-башкаруучулук социалдык педагогикалык, психологиялык, укуктук нормативдик, материалдык-финансылык, кадрлык жактан толук кандуу кесипкөй адистерди камсыз кылуу менен чечпестен, мындай тизмектелген көйгөйлөрдү муниципиалдык бийлик органдары жана өкмөт тарабынан кабыл алынган активдүү айкын, мыйзам чегиндеги иш чараларсыз чечүү деги эле мүмкүн эмес.

Лирикалык чегинүү жасап, бул орчундуу маселе 1935-жылдардагы советтик педагогика жана психология илиминин негиздөөчүлөрдүн бири П. П. Блонскийдин эмгектеринде орун алгандыгын белгилесек болот[2]. Ошондой эле укук бузуучу өспүрүмдөр менен иштөөдө А. С. Макаренконун педагогикалык мурасы биздин өлкөдө эле эмес, бүтүн чет өлкөлөрдө кеңири таркалгандыгы баарыбызга белгилүү. [5]. 20-жылдары А. С. Макаренко жана С. Т. Щацскийдин өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу көйгөйүн белгилүү практик окмуштуу В. Н. Сороко-Росинский үйрөнүп, ал Петрограддагы Ф. М. Достоевский атындагы «тарбиясы оор» балдар үчүн ачылган мектепти жетектеп, анын натыйжасында «Республика ШКИД» аттуу эмгекти жазып, укук бузуучулардын алдын алуу иштерин уюштуруунун бекемделген системасында тарбиялануучуларды бардык чарбалык эмгекке, нравдуулукка тарбиялоодо педагогдордун иштөө системасында негизги курал бул өзүн өзү башкаруу өзгөчөлүгү болот деп белгилегендигин көрсөтсөк болот.

Андан ары 1942-жылы кароосуз калган балдарды аныктоодо аларды балдар үйүнө дайындоодо комсомолдук уюмдун иштеринде активдештирүү күчөп, 1943-жылдары республикалардын советтик социалистик союзунун ички иштер элдик комитетине баш ийген жаңы типтеги тарбия берүүчү мекемелерде балдарды эмгектик тарбиялоо колониялары, 1961-1962-жылдары балдар кылмыштуулугу менен күрөшүүдө жана аларды алдын алууда ар бир аймактарда өспүрүмдөр жана балдардын тарбиясы менен алектенген бардык ишкана мекемелердин бириккен ишмердиги бо-юнча бир бүтүндүктө жыйналып, жалпысынан балдар иши боюнча комиссиялар түзүлгөндүгү белгилүү.[7 52 бет] Ал эми 70-80-жылдары өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды алдын алууда, кылмыштуулук менен күрөшүүдө сүйлөшүүсүз мажбурлоо менен моюн сундуруу эффективдүү жана приоритеттүү катардагы негизги багыттарды аныктоо чоң роль ойноп, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ага бир канча бекем түзүлүштөгү субъектер кошулган.

Маселен:

атайын кылмыштуулук менен күрөшүү үчүн укук коргоо органдары түзүлгөн:

а) прокуратура, сот

б) ички иштер министрлиги, юстиция министрлиги

в) социалдык, тарбиялык жана жалпы тарбия берүү иш аракеттерди жүргүзүүчү органы:

- партиялык орган
- элдик депутаттар совети
- эмгек жамааты

г)кеңири социалдык ыйгарым укуктагы коомдук уюмдар окуу жайлары, илимий мекемелер ж.б. [11, 8-9 ,21 - бет].

1991-жылдын 18-декабрында улуттар аралык коомдук бирикмесинин (ООН) генералдык ассамблеясы тарабынан кылмыштуулуктун алдын алуу областында жана кылмыш жаза сот адилетигинде мамлекет моюнга алуучу кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча материалдык техникалык, финансылык, ресурстарды көбөйтүүдө улуттардын коомдук бирикмесинин таасир берүүчү программасы жана принциптери жөнүндө декларация кабыл алынып, ал өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу областында тийиштүү нормативдик мыйзамдуу акт болуп эсептелинген. Дагы белгилеп кетүүчү нерсе ушул күнгө чейин мамлекеттик деңгээлде кылмыштуулук стратегиясын аныктаган негиздөөчү мындай бир да документтин жоктугу.

Бул маселе боюнча кийинки жылдардагы өспүрүмдөрдүн укук бузууларынын алдын алуу жана эскертүү боюнча чет элдик окмуштуулардын педагогика жана психологиялык изилдөөлөрүнө кайрылып көрөлү. Бизге белгилүү Америка кошмо штаттарында көп жылдан бери бул кылмыштуулук – кедейчиликтин натыйжасында келип чыгаары белгиленип, аны жоюу үчүн федералдык жана жергиликтүү бюджеттин олуттуу бир бөлүгүн кедейчиликти жоюуга бөлүп, калктын белгилүү жетишпестиктерин жоюу менен кылмыштуулуктун деңгээлин төмөндөтүүгө ,тургандыгы мүмкүн болгон. Ал эми азыркы кылмыштуулук менен күрөшүүнүн жаңы стратегиясында Америка кошмо штаттарында үй-бүлөнү багыттоо натыйжасы катары эсептеп,

кылмыштуулук менен күрөшүүнүн бириккен программасы жаштарды үй-бүлөлүк жашоодо, жумушка даярдоодо үй-бүлө менен мектептин биргелешкен ишмердүүлүгүн киргизген. Бул концепциянын жактоочу өкүлдөрү психолог А. Бандура жана Р. Уолтерс болуп эсептелет. [1,:31-32-бет].Башка америкалык психолог Т. Шебутани өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алууда алардын жүрүм-турумунун бузулуусунун бардык тибине көз карандылыгына карата уюштурууну эсептеген.[12 486-489 - бет]. Ал эми Б. П. Буунк өзүнүн өспүрүмдөрдүн укук бузууларын жана девианттык жүрүм-турумдарын алдын алуу теориясында аффиляция теориясын сунуштаган [8 395-бет].

Өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу көйгөйлөрү менен иштөөдө төмөнкү окмуштуулардын ишин бөлүп кароого мүмкүн: А.И. Алексеев, В.Г. Бочаров, Г.В. Вершинин, С.И. Герасимова, В.Н. Гурова, М.П. Гурьянов, И.С. Клемантович, Л.И. Маленков, А.И. Миллер, И.Б. Михайловская, Л.Е. Никитин, А.М.Столяренко, А.Я. Сухарева, Г.С. Тагиров, Ю.И. Юричка, Т.Ф. Яркин ж.б.

«Тарбиясы оор» окуучулар менен иштөө системасында толугу менен В. И. Маленковдун тажрыйбасына токтолгонубузда, ал «көзөмөлсүз» өспүрүмдөрдү изоляция кылбастан аны курчап турган чөйрөнү педагогдоштурууну сунуштаган. [6]. Ал эми азыркы юридикалык педагогикада А. М. Столяренконун оюу боюнча кылмыштуулук жана укук бузуунун алдын алуу–ыкчам издөө иш чарасы болуп, алардын ичинен дайыма иш мерчеминде жалпы жана жекече алдын алуу иштери аркылуу бул маселени чететтүүгө болот- деп белгилеген. [10, 91-бет].

Демек, жогорудагы көз караштырды жыйынтыктоо менен педагогикалык практикабызда жана юридикалык педагогикада, алдын алуучу педагогика өзгөчө бөлүмдөргө бөлүнүп, кылмыштуулуктун алдын алууда педагогикалык каражаттарды колдонуунун керектиги далилденип, анын эффективдүүлүгү–бул алдын алуу иштерин педагогдоштуруу болуп эсептелгендигин айкындап отургандыгы.

Ошондон улам, бүгүнкү күндө кылмыштуулуктун алдын алуу бир гана юристердин ишмердүүлүгү эле эмес, ал өз ичине педагогикалык тарбияны, жана коомчулуктун кийлигишүүсүн камтый тургандыгын белгилөө чындыкка айланууда.

**Адабияттар**:

1. Бандура А., Уолтерс Р. Подростковая агрессия. Изучение влияния воспитания и семейных отношений. – М., 1999. – 512 с.

2. Блонский П.П. Избранные педагогические и психологические сочинения в2-х томах/ Под ред. А.В.Петровского. – М., 1979.

3. Катаева Н.А. Социальная работа в микрорайоне как средство профилактики девиантного поведения подростков. Дисс. канд. пед. наук. – М., 1996.

4. Лапушанский Ф.А., Крупка Ю.Н., Туркевич И.К. и др. Криминологические проблемы профилактики правонарушений молодежи. Опыт конкретно-социологического исследования. – Киев, 1986. – 208 с.

5. Макаренко А.С. Книга для родителей/ Собрание сочинений в 4-х т. – М.: Педагогика, 1984. – Т. 4.

6. Маленкова Л.И. Педагоги, родители, дети. Методическое пособие
для воспитателей, классных руководителей. – М., 2000.

7. Методика работы социального педагога/ под ред. А.В. Кузнецовой. – М., 2003. – 96 с.

8. Перспективы социальной психологии/ Пер. с англ.–М., 2001. – 688 с.

9. Справочник по психологии и психиатрии детского и подросткового возраста/ Под общ. ред. С.Ю. Циркина. – СПб., 1999. – 752 с

10. Столяренко А.М. Юридическая педагогика. – М., 2000. – 496 с

11. Управление профилактикой правонарушений несовершеннолетних / Э.Я. Стумбина, К.К. Матвеев, Г.Г. Менберг и др.; Отв. ред. Э.Я. Стумбина. – Рига, 1989. – 224 с.

12. Шибутани Т. Социальная психология/ Пер. с англ. азыркы жана мурдагы окмуштуулар жана алар ичинен жалпы, жекече алдын алуу, В.Б.